АКШ ДОЛЛАРЫ




ЕВРО




РУБЛЬ




ТЕҢГЕ




КРнын Улуттук Банкы

# Насыя: алмайдын бермейин түшүнүү аң-сезимге жете элекпи?

**Кыргызстанда кредит албаган үй-бүлөнү же жаранды** кезиктирүү кыйын. Карапайым элдин күнүмдүк турмуш-тиричилигин кыймылдатып жаткан бул каражатты максаттуу иштетип, андан баар тапкандар, ошол эле учурда тескерисинче карыз үстүнө карыз болгондор жүздөп саналат. Расмий маалыматтарга караганда орто эсеп менен бир жылда бир адам 35 миң сомдун тегерегинде насыя алат. Жыл ичинде кыргызстандыктардын алган кредити 10 миллиард сомдон ашары айтылып жүрөт.

НАЗГҮЛ БОСТОНБАЕВА

Соңку убактарда алган кредитин убагында төлөй албай, карызга баткан жарандар көбөйүп, алар мамлекеттен колдоо күткөн чакырыктарды айта баштады.

Демилгечилер, карызга баткан жарандарды куткаруу максатында "Жеке адамдын банкроттугу" тууралуу мыйзам долбоорун иштеп чыгып, карызгерлердин укугун коргоп берүүнү өтүнүүдө. Ага ылайык, эгерде насыя алган жаран карызын төлөй албай калса, сотко кайрылып, өзүн банкрот деп жарыялоого укуктуу.

"Насыячылардын укугун коргоо боюнча улуттук кыймылдын" төрагасы Кубат Токсобаев маалымат жыйынында билдиргендей, жалпы карыз алгандардын 20 пайызы насыясын төлөй албай калууда. "Аталган мыйзам долбоору боюнча банкрот болгон адамдын жалгыз үйү, малы, кийим-кечектери отуз миң сомго чейинки тиричилик буюмдары алынбайт. Айтор, ошол адам үчүн анчейин кереги тийбеген башкача айтканда ашыкча болгон буюмдары сатылып алынып, акчасы сот аркылуу карыз берген банкка берилет. Бул сумма жетеби-жетпейби, айтор банкрот болгон адамдын карызы жабылат",-дейт К.Токсобаев

Ал ортодо айрым талдоочулар мыйзам кабыл алынган чакта деле, анын иштеп кетүү мүмкүндүгү күмөн жаратат деген пикирин билдирүүдө. "Укуктук мейкиндик" коомдук уюмунун төрагасы Сулайман Үсөнов ушундай пикирде. "Өткөн жылы "Сүткорлук" тууралуу мыйзам кабыл алынган. Анын 6-беренесинде кайсы бир пайыздан ашпашы керек деп жазылып турат. Бирок, эгерде кредит берүүчү ошол чектен ашырып жиберсе, ким чара колдонуп, ким текшерет? деген суроо жоопсуз калууда. Учурдагы пайыздык чендин жогору экендигин баары: улуттук банк дагы, кредит берген бардык каржылык уюмдар дагы мойнуна алат. Буга Жогорку Кеңеш чектөө киргизгени менен, аны тескей турган органды ачык көрсөткөн эмес. Болгону эки тарап: кредит берүүчү менен алуучу менен гана чектелип калган. Эгерде банкроттук тууралуу мыйзам кабыл алына турган болсо, анын иштеп кетүү механизмдери, укуктук-нормативдик актылары, көзөмөлдөөчү органдар так көрсөтүлбөсө, мыйзам чийки болуп, жемишин бербейт",-дейт С.Үсөнов.

## КРЕДИТТИН НЕГИЗГИ КҮЗГҮСҮ - КЕЛИШИМ

Өлкөдө насыячылардын маселелери көп жылдан бери көтөрүлүп келе жатат. 2010-жылдагы апрель жана июнь окуяларында бизнестери бүлгүнгө учураган ишкерлердин көпчүлүгү алган насыяларын жүгүрткөндүктөн, банкрот болгонун айтып, мамлекеттен жардам сурап кайрылгандарын эске албаганда, кредит алгандардын өңчөй бөлүгүн күнүмдүк-турмуш тиричиликке сарптаган кардарлар түзөт. Алардын өз убагында карыздарын төлөй албай жаткандыгынын башкы себебин "Укуктук мейкиндик" коомдук уюмунун төрагасы Сулайман Үсөнов карыз алган жарандардын алган каражатты кантип иштетүү тууралуу алдын ала даярдыгы жоктугун, кредит берген уюмдар дагы кардардын оңондой абалын билип туруп насыя берип жаткандыгы менен байланыштырууда. "Кредит берүүчүлөр кредиттик келишимде өздөрүнүн укуктарын толугу менен жазышат дагы, кредит алуучунун укуктарын учкай эле жазып коюшат. Эгерде кредит алуучу же кредит берүүчү кыйын кырдаалга түшүп кала турган болсо, анда кандай чараларды жүргүзүү керек? Бул тууралуу дагы эч кандай маалымат жазылбайт. Болгону эки жылдан бери кредит берүүчү келишимди кыргыз тилинде түзө баштады. Ага чейин жалаң орус тилинде болгондуктан, кардар жада калса келишим менен толук таанышпастан туруп, насыя алып келген. Азыр деле кредит берүүнүн усулуна ылайык, кредит берүүчү кардарга толук таанышып чыгуусу үчүн эки-үч күнгө бербейт. Келишимди бир тараптуу түзүлөт",-деди С.Үсөнов.



## БАҢК ТАРАПТАРДЫН МАМИЛЕСИНЕ КИЙЛИГИШЕ АЛБАЙТ

Кыргызстандын жарандык кодексинин 724-736-беренелеринде белгилегендей, кардар менен банктын ортосундагы мамилелер жарандык-укуктук мүнөзгө ээ. Ал тең укуктуулук, мүлктүк өз алдынчалуулук, жеке менчиктин кол тийбестиги, келишимдин эркиндүүлүгү, жеке иштерге кыянаттык менен кийлигишпөөчүлүк, жарандык укуктардын тоскоолдуксуз ишке ашуусунун зарылчылыгы, бузулган укуктардын калыбына келтирүүсүн жана алардын укуктук жактан коргоосун камсыз кылуусуна негизделген. Келишимде тараптардын укуктары, милдеттери, жоопкерчилиги жана башка мыйзамда каралган шарттар аныкталат. Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасындагы банктар жана банктык ишмердүүлүк тууралуу» мыйзамынын 6-беренесине ылайык банктар Кыргыз Республикасынын банктык жана башка мыйзамдарына каршы келбеген эрежелерди орнотуу менен бирге, өз ишмердүүлүгүн өз алдынча уюштурушат жана ишке ашыра алышат. Ошону менен бирге, эгер банктар мыйзам чегинде иш алып барышса, Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы алардын ишмердүүлүгүнө кийлигише албайт. Кошумчалап айтсак, мамлекеттик бийлик жана башкаруу органдарына жана алардын кызмат адамдарына банк иши менен байланыштуу болгон маселелерди чечүүгө кандай түрдө гана болбосун кийлигишүүсүнө тыюу салынат.

Ал эми карызгерлердин таламдарын канааттандыруу башка карыз алуучулардын ушундай эле арыздар менен мамлекеттик органдарга кайрылууларынын санынын көбөйүүсүнө алып келиши мүмкүн. Жыйынтыгында, мындай акыбал финансы-кредиттик тутумга тескери таасир этет. Анткени кредиттер төлөнбөсө, банктар тарабынан аманатчылардын алдындагы милдеттенмелердин аткарылбай калуу коркунучун туудурат.

Банктардын ишинде мыйзам бузуулар жок болгон учурда, Улуттук банк жана башка мамлекеттик органдар коммерциялык банктардын же банктык эмес финансы мекемелердин ишине алардын карызгерлер жана күрөө коюучулар менен болгон өз ара мамилелери боюнча маселелерине кийлигишүүгө укуксуз. Кандайдыр бир насыянын шарттарын өзгөртүү боюнча маселе кредитор жана карызгер тарабынан жекече түрдө, сүйлөшүүлөр жана компромисс табуу аркылуу чечилиши керек. Эгерде тараптар макулдукка келишпесе, анда алардын талашы, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, сот аркылуу каралып чечилиши тийиш.

Эгерде банктардын ишмердүүлүгүндө мыйзам бузуу фактылары аныкталган болсо, Улуттук банк жогоруда аталган финансы мекемелерине тиешелүү таасир этүү чараларын колдонот.

## КАРЫЗГА "КАРК" БОЛГОНДОР ДА ЖОК ЭМЕС

Бишкек шаарындагы жаңы конуштардын биринде жашаган Айсалкын Оторбаева жетишпеген турмуштун айынан жумуш издеп шаарга келгенине төрт жылдай болуп калганын айтат. Каармабыз алгач эле чакан насыя алып, ага кийим тигүүчү машина сатып алып, адегенде кийим-кечелерди оңдоп жүргөн, кийинчерээк атайын буюртмаларды да ала баштаганын айтат. "Айылда жолдошум каза болгондон кийин балдарымды багуу үчүн шаарга келдим. Дароо эле тобокелдикке салып кредит алдым. Ага кийим тигүүчү машина сатып алып, кийимдерди оңдоп, кийинчерээк буюртмаларды да ала баштадым. Ошентип алган насыямды да убагында төлөп, андан ашканына үйдө чакан цех ачууга жетиштим. Негизи насыянын деле жакшы жактары бар. Кептин баары аны максаттуу пайдаланууда. Азыр көпчүлүгү насыяга той өткөрүп жатпайбы. Карыз алгандан кийин биринчи кезекте аны төлөөнү, сарамжалдуу пайдаланууну ойлонуу керек. Антпесе, акча акчаны чакыргандай эле карыз карызды чакырат да",-дейт ал.

Айсалкын айым сыяктуу насыянын арты менен турмуш-тиричилигин ирдентип алгандар да аз эмес. Бирок, ошол эле учурда, кашыктап чогулткан карыз акчаны бир күндө эле той-топурга чачып, карыз артынан карызга баткандардын саны арбып бара жатат.

Улуттук банктын тышкы көзөмөл башкармалыгы берген маалыматка караганда 2014-жылдын 1-мартына карата Кыргызстанда 24 банк, 4 микрофинансылык компания, 197 микрокредиттик компания, 65 микрокредиттик агенттик, 146 кредиттик союз жана 1 адистештирилген финансы-кредит мекемеси катталган. Мындан сырткары, ломбард, жеке кредиторлордун санын так айтуу кыйын. Насыя берүүчүлөр күрөөгө кардардын үйүн, автоунаасын айтор, кыймылдуу жана кыймылсыз мүлкүн коюп кредит беришет.

2014-жылдын февраль айынын жыйынтыгы боюнча банктар жана банктык эмес финансы мекемелердин орточо пайызы төмөнкүдөй көрсөткүчтөргө ээ болду:

**Соңку убактарда алган кредитин убагында төлөй албай, карызга баткан жарандар көбөйүп, алар мамлекеттен колдоо күткөн чакырыктарды айта баштады.**